ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ

КР УИАНЫН Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

Ведомстволор аралык
диссертациялык кеңеш Д. 10.09.395

Кол жазма укугунда **УДК 894.341 (043.3)**

БАЙГАЗИЕВ МЕДЕРБЕК КАЗЫБАЕВИЧ

# Т. МУКАНОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ 1970 - 80-ЖЫЛДАРДАГЫ КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНЫН КОНТЕКСТИНДЕ

Адистиги 10.01.01 - Кыргыз адабияты

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасьш изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
а в т о р е ф е р а т ы

Бишкек 2009

Иш Кыргыз Республикасынын Улуггук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун кыргыз адабияты бөлүмүндө аткарылды.

Илимий жетекчиси: филология илимдерининдоктору,
профессор Акматалиев А. А.

Расмий оппоненттер: филология илимдеринин доктору,
профессор Садыков А.

филология илимдеринин
кандидаты, доцент Дүйшембиева А. О.

Жетектөөчү мекеме: К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл
мамлекеттик университетинин
кыргыз адабияты кафедрасы

Диссертациялык иш 2009-жылдын "<^Я^^ае_-" саат " Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улутгук у^йверситетине жана КРУИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин докторлук (кандидаттык) диссертацияларды коргоо боюнча Д. 10.09.395 Ведомотволор аралык Диссертациялык Кенешинин жыйынында корголот.

Дареги: 720071. Бишкек шаары, Манас проспектиси, 101.

Диссертация менен Кыргыз мамлекеттик улутгук университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат _________________________ таркатылды

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
филология илимдеринин
кандидаты, доцент А. Кадырмамбетова

## Иштин жалпы мүнөздөмөсү

Изилдеенун актуалдуулугу. Кандай гана саясий-экономикалык түзүлүш, коомдук формация болбосун, ошол доордо жашаган акындар тарабынан турмуштун ар кыл көрүнүштөрү ырга салынган. Алардын ырлары өз мезгилинин жандуу тарыхын чагылдырып, рух байлыгьшын даражасын, деңгээлин аныктап да турган. Мына ошондой, өз мезгилинин көркөм чындыгын таасын чагылдырган көрүнүктүү акындарыбыздын бири - Т.Муканов.

Өткөн кылымдын 60-70-жылдарындагы көп акындардын арасынан Табылды Мукановдун чыгармачылык карааны алда кайдан таанылса да, анын бермет поэзиясы окумуштуулар тарабынан күнү бүгүнкүгө чейин өзүнө тиешелүү баасын ала элек. Ырас, улутгук адабиятыбыздын тигил же бул проблемаларына арналган айрым бир изилдөө иштеринде, жарык көргөн ырлар жыйнагына карата айтьшган азыноолак сын-пикирлерди эсепке албаганда,[1] акындын бүткүл чыгармачылыгы тууралу системалуу, атайы ага багышталган изилдөө иштери жүргүзүлө элек. Албетте, В.Г.Белинский айткандай, "... ыр жазгандардын баары эле изилдөөгө татый бербейт, анын эң алдыңкылары гана буга татыктуу".[2] Т.Муканов чыгармачылык потенциалы өтө күчтүү, поэзиянын ар кыл жанрында жемиштүү иштеген. Ал өткөн кылымдын 60-70-жылдарында улутгук поэзиябызга жаңылык катары кирген "ак ыр", *(*^ркш* ыр" сыяктуу жаңы формадагы ырлардын өнүгүшүнө, калыптанышына зор салым кошкон. Акындын улутгук колоритке ыктаган граждандык лирикасы, назик сезимдерди даңазалаган махабат лирикасы, сезимтал бөбөктөрдүн жан дүйнөсүнө таасир этап, аларды тарбиялаган балдар поэзиясы, чет элдик адабияттардын көөнөрбөс үлгүлөрүн кыргызча сүйлөткөн котормочулук өнөрлөрү жөнүндөгү акыйкат сөздү айтуунун кезеги алда небак

---

**' Даутов К. Кыска сапардагы узун өмүр. - Ф.: Кыргызстан, 1986; Ибраимов О. Көз караш. - Ф.: Кыргызстан, 1985; Байгазиев С. Жаш акындын китеби тууралуу // Кыргызстан маданияты. - 1978. - 8-янв.**

**2 Белинский В.Г. Тандалган чыгармалар. - Ф.: Кыргызстан, 1973. - 13-6.**

эле келген. Өз мезгилинде абдан кадырлуу наамдардын катарында турган Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты Т.Мукановдун чыгармачылыгын адабий анализден өткөрүп, салыштырма планда иликтөө ишин жүргүзүүнүн өзү профессилоналдык поэзиябыздын 1960-70-жылдардагы жалпы абалынан кабар алууга жана анын эволюциялык өнүгүү жолун тереңден андап билүүгө да көмөгүн тийгизмекчи.

Т. Мукановдун көркөм дүйнөсүн изилдөө, окуп-үйрөнүү жалпы кыргыз адабияты үчүн салмактуу салым болмок, анткени, акындын чыгармачылыгынын бүгүнкү күнгө чейин кеңири планда изилденбей келиши адабият таануу илиминдеги бөксө жерлердин бири болчу.

Т. Муканов - кыргыз поэзиясынын салттык белгилерин өнүктүрүп, профессионалдык сапат деңгээлин жогорулатууга өз салымын кошкон көркөм сөз өнөрүнүн белгилүү өкүлдөрүнүн бири. Ойлорунун оригиналдуулугу, тереңдиги, тематикасынын кеңдиги, өз мезгилинин духун сезе билип, үнү менен үндөшкөн чыгармалары Мукановдун масштабы чоң акын экендигин айгинелейт. Андыктан, 70-жылдардан тартыш 2000-жылдарга чейинки муундагы акындар арасындагы өзүнө таандык ордун аныктап, анын чыгармачылык өздүк жүзүн, ошбл учурдагы адабий процесс менен бирдикте карап, аныктап чыгуунун зарылдыгы бар.

<u>Изилдөөнүн объектиси</u>: Табылды Мукановдун чыгармаларынын жыйнактары, акындын чыгармачылыгы жөнүндө жарык көргөн газета-журналдардагы макалалар, аны жакшы билген калемдештери, замандаштары менен болгон аңгемелешүүлөр жана өздүк архивиндеги материалдар пайдаланылды. Ошондой эле, акындын чыгармачылыгына тушташ мезгилдеги улутгук поэзия, замандаш калемдештери С.Эралиев, О.Султанов, Т.Кожомбердиев, С.Тургунбаев, А.Жакшылыков, САкматбекова сыяктуу кыргыз акындарынын чыгармалары адабий талдоо учурунда салыштыруу иретинде мисалдык милдет аткарды.

<u>Иштин илимий жаңычылдыгы</u>: Т.Мукановдун балдарга арналган чыгармаларына, лирикасына биринчи жолу системалуу

түрдө илимий талдоо жүргүзүлүп, алардын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү ачылып берилди.

**Изилдеөнун <u>теориялык жана</u> методологиялык <u>негиздери</u>.** Кьфгыз поэзиясынын көркөм-зстетикалык касиеттерин иликтеген эмгектер, өзгөчө кыргыз поэзиясьш изилдөөгө активдүү катышып келе жаткан көрүнүктүү адабиятчы, сынчылар менен бирге дүйнөгө аттары кеңири таанымал В.Г.Белинский, Н.Г.Чернышевский, Н.А.Добролюбов, МГорький, Л.Озерев жана башкалардьш адабий-теориялык ойлору, кыргаз адабият таануу илими менен сьшынын өкүлдөрү К.Асаналиев, К.Артыкбаев, А.Садыков, СЖигитов, АЛкматалиев, А.Эркебаев, КДаутов, ТЛскаров, СБайгазиев, Л.Үкүбаева О.Ибраимов, СКарымшаковдордун эмгектеринде иштелип чыккан методологиялык жоболор, илимий-теориялык багыттар ишти аткарууда таяныч иретинде пайдаланылды.

**<u>Иштин максаты. милдеттери</u>:** Т.Мукановдун чыгармачылык өнөрканасын иликтеп, кыргыз поэзиясындагы ордун аныктоо максатын ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй милдеттер алдыга коюлду:

- акындын балдар ырларынын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгүн ачып көрсөтүү;
- лирикалык ырларындагы салтгуулук менен жекеликтин карым-катнашын жиктеп көрсөтүү;
- акындын поэзиясындагы көркөм сөз табылгалары аркылуу кирген жаңычылдык аракеттерин талдап далилдөө;
- акындын жалпы поэзиясын изилдөө аркылуу 70-80-жылдардын фонунан карап, анын акындык турпатын айырмалоо, алган ордун белгилөө;
- акындын чыгармачылыгы тууралуу сөз кылып жатып, ошол эле учурда, акын адабиятка келген мезгилдеги жалпы кыргыз поэзиясынын ал-абалынан кабар берүү.

**Изилдөенун <u>практикалык мааниси</u>:** Т.Мукановдун поэзиясы жалпы эле кыргыз поэзиясына болгон көз караштын, критерийдин чегин кеңейтүүдө жаңы тажрыйбаларды берет. Диссертациялык иш - ЖОЖдордун студенттерин окутууда, мектеп мугалимдеринин жалпы билимин көтөрүүдө жана аспиранттарга кошумча адабият катары пайдасы бар.

- 1960-70-жылдардагы улутгук поэзиябыздагы жаңы сапаттык баскыч, мазмундук жана формалык жактан жанылануу процесстеринин жүрүшү;
- Алтымышынчы жылдарда кыргыз поэзиясына өзгөчө көркөм кубулуш катары кирген "ак ыр", "эркин ыр" формаларынын калыптанышы жана өнүгүшүндө Т.Мукановдун кошкон салымы, ага тийгизген таасири;
- Акындын балдар поэзиясын өнүктүрүүдөгү иш аракеттери. Өспүрүмдөрдү моралдык, эстетикалык, нравалык жактан тарбиялоо максатын көздөгөн аракетгеринин акыбети;
- Граждандык, пейзаждык лирикаларындагы адам менен табияттын гармониясы. Ата журтка болгон ызаат, чексиз сүйүүнүн көтөрүңкү пафосто, көркөм чеберчиликте берилиши;
- Махабат лирикаларындагы поэтикалык көркөм ой менен жеке тагдырдын, турмуш чындыгынын синтези;

-Акындын ыр куруу техникасы, поэтикалык ойду берүү чеберчилиги

**Изилдөөчүнүн жеке салымы:**

Табылды Мукановдун чыгармалары алгач системалуу түрдө изилдөө объектисине алынып, акындын кыргыз адабиятына кошкон салымы, ээлеген орду белгиленди.

1960-жылдардагы кыргыз поэзиясындагы прогрессивдүү өзгөрүштөр, жаңы мазмун, жаңы формалардын пбзитивдүү көрүнүштөрү жана аларга карата мукановдук позиция акындын чыгармаларынын мисалы аркылуу аныкталды.

Акындын бүтүндөй чыгармачылыгы адабий талдоого алынып, алардын идеялык-көркөмдүк табияты, табылгалары, оош-кыйыш жактары туурасында жалпыланган илимий ой-пикирлер айтылды. Ошондой эле, акындын жеке тагдыры жана анын поэзияда чагылышы туурасында жаңыча пикирлер айтылып, тагдыр менен чыгармачылыктын ортосундагы карым-катыш, таасир маселелери чечмеленди.

**Изилдеенун <u>аппрйбациясы</u>:** диссертациялык иш КРУИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Проблемалык кеңешинде жана Окумуштуулар кеңешинде талкуудан өткөн. Диссертациянын негизги мазмуну республикадагы мезгилдик басма сөздөрдө, илимий жыйнактарда жана илимий басылыштагы эмгектерде жарыяланган. Мындан тышкары конференцияларда бир катар докладдар окулган.

**<u>Иштин</u> структурасы.** Иш киришүүдөн, эки главадан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

**<u>Диссертациялык иштин негизги мазмуну</u>**

"Киришүүдө" изилдөөнүн жалпы мүнөздөмөсү берилип, теманын актуалдуулугу жана анын изилдениш ал-абалы, алдыга коюлган максаты жана милдеттери, иштин жаңычылдыгы менен теориялык, методологиялык негиздери аныкталып, практикалык баалулугу көрсөтүлөт.

Биринчи глава **"Кыргыз поэзиясындагы эркин ыр түзүлүшү жана Т.Мукановдун поэтикалык изденүүсү"** деп аталып, мында, дүйнөлүк жана орус акындарынын чыгармаларында жаңыча багыттагы поэтикалык көркөм кубулуш катары кабыл алына баштаган эркин ырдын жанрдык табияты жана анын кыргыз акындары тарабынан кабылдашы, андагы талаш-тартыштуу маселелер туурасында иликтөө иши жүргүзүлөт.

Өткөн кылымдагы 60-70-жылдар - кыргыз адабиятынын өнүгүүсүнүн бир тилкесинен экинчи тилкесине өткөн этаптуу учуру, адабий тарыхыбыздын уруңтгуу бир сапаттык секириги катары бааланып жүрөт. Ушул мезгилдерде акын-жазуучуларыбыздын катары көбөйүп, чыгармачылык потенциялы күчтүү жаштардын жаңы толкуну удургуп чыга келишти. Натыйжада, мурдагыдан айырмаланып, адамзат тагдыры, келечеги, согуш жана тынчтык маселелери ааламдык алкакта талкууланып, турмуш философиясына

терең ой жүгүрткөн, позициясы бекем жана курч көркөм чыгармалар жарала баштады.

1930-40-жылдарда ЖТурусбеков, М.Элебаев, А.Токомбаев, Р.Шүкүрбеков сыяктуу акындарыбыздан эркин ырга окшогон жана Маяковскийчесинен сындырылып жазылган ырларына, андан бери тарта өнүгүп келе жаткан кыргыз поэзиясынын жалпы абалына сереп салсак, Р.Рыскулов, С.Эралиев, О.Султанов,

МАбылкасымова, Т.Кожомбердиев, Ж.Мамытовдорду "эркин ыр" жана "ак ыр" формасын профессионалдык деңгээлге көтергөн экинчи муундагы жаңычыл акындар экендигин белгилөөгө болот. Буларга удаалаш эле эркин ыр формасында чыгарма жазган жаштардын даты бир түрмөк толкуну - С.Тургунбаев, Н.Жаркынбаев, Т.Муканов, А.Жакшылыков, Т.Эргешов, К.Сабыров, К.Калдыбаев, О.Көчкөнов, Т.Мамеев, Ш.Келдибекова, АЛойбекова, сыяктуу акындар чыгып, ал форманы дүркүрөтө өнүктүрүшкөн. Ошол учурларда поэзия майданына келген жаштардын арасынан жаңы формата кайрылбаган бир да акынды табуу мүмкүн эмес. Жогоруда саналып өткөн акындардын ичинен эркин ыр жаатында өзгөчө изденип, активдүү аракетте жүргөндөрү да болгон. Алардын катарында Н.Жаркынбаев, САкматбекова, С.Тургунбаев, Р.Мукашева, А.Жакшылыков, ТМуканов өңдүү акындар туруп, эркин ыр формасын ачык колдоочулары жана күйөрмандары болушкан. Алар жаштык, жигер, жаңычыл дымак менен ошол кездеги кыргыз поэзиясын кадимкидей жандандырып, жаңы формада жазылган мыкты сапаттагы чыгармаларды жарата алышкан. Алсак, С.Тургунбаев, "Салам сага жаш өмүр" (1969-ж.), Т.Муканов "Каректеги жер" (1976-ж.), А.Жакшыльйсов "Улуу шашке" (1977-ж.), А.Рыскулов "Көгүчкөндөр бийик учушат" (1975-ж.), САкматбекова "Жамгыр" (1970-ж.), "Алыскы талаалар" (1972-ж.), Т.Самүдүнов "Ат чабыш" (1976-ж.) сыяктуу ырлар жыйнактарын жарыялашып, таланттуу акын экендиктерин көрсөтүштү. Булардьш ичинен жаңы форманы өздөштүрүүгө А.Жакшылыков менен Т.Мукановдун чыгармачылык изденүүлөрү бир топ ийгиликтерге жеткен. Аттары аталган эки акындын чыгармаларында "эркин ыр" формасы басымдуулук кылат. Экөөнөн тең ырдын эркин чыгышынын жаңыча поэтикалык демин, ички музыкалык ыргагын, эмоция менен ойдун табигый жуурулушун, образдуу туюнтулушун байкоого болот.

Көркөм сөз өнөрүнө өтө олуттуу мамиле жасап, анын алдындагы жоопкерчиликти сезип, жалпыга белгилүү болуп тапталган жолдордон өзүн алысыраак кармап, мурдагылар билбеген жактар менен келүү түйшүгүн көбүрөөк тартып, чыгармачылыктан өзүн-өзү издеп, эч кимдикине окшобогон үнүн чыгара алган акындарыбыздын катарынан Т.Мукановду көрүүгө болот. Акын көп изденип, дүйнөлүк атагы бар акындардын чыгармаларын үңүлө окуп, үйрөнүп, улам алдыга умтулуп турган. Анын ийгилиги, табылгалары да ошол аракетке байланышта болгон. Алтымышьшчы жылдардын орто ченинде адабий атмосфера кайнап чыгып, кыргыз поэзиясында өзүнчө бир күчтүү толкун көтөрүлгөн эле. Ак ыр менен традициялык ырдын жактоочуларынын ортосунда талаш-тартыштар күчөп, уу-дуу болуп турган учурда поэзия майданына келген ысымдар мезгилдик басма сөздөрдөн түшпөй турган. Чындыгында эле, ошол учурда эки жаат болуп бөлүнүшүп, эркин ырды мактагандар да, жеригендер да болгон. Адабиятчы окумуштуулардын пикирлери да ар кыл эле. Ошондой катаал кырдаалды бир аз жөнгө салуу максатын көздөгөн белгилүү^ адабиятчы, профессор А.Садыков "... ак ырда такыр уйкаш болбосо "эркининде" деле жарыган уйкаштык байкалбайт. Чоң айырмачылыгы традициялык ыр муун сандарынын бирдейлигине негизделсе, экинчисинде муундук симметрия жок. Ошол себептүү бул эки терминдин кээде катар колдонула бериши логикага сыярлык"[3] деген ары аргументтүү, ары калыс пикири менен жагдайды стабилдештирген. Т.Муканов кыргыз акындарынын чыгармаларын бүтүндөй окуп, таразалап өз багытын аныктаган. Анын дүйнөлүк адабият жана көркөм мурастан тынымсыз окуп, үйрөнүп, улам өзүн өзү түзөп, жазгандарын сын электен өткөрүп, бүгүнкүсү менен кечээгисин салыштырып, жаңыдан-жаңыга умтулуусу интеллектуалдык табияты менен жуурулушуп, акындык өнөрдө тез калыптанышына шарт түздү.

Акындын алгачкы ырлары эркин ыр формасында жазылган деп айтууга негиз жок, ал да ошол учурдун акындары сыяктуу ыр жазуу өнөрүн кадимки эле салттык ыр формада баштаган. Ыр жазуу техникасын өздөштүрүп, акындык атка жаңыдан ээ болгон жаш Табылды, эми, эки формада бирдей иштей берди. Бул көрүнүш туурасында сынчы К.Даутов: "Эки тилде шатыратып теңсүйлөгөн

---

[3] **Садыков А. Суйүнбай Эралиев. Чыгармачылык өнөркана сыры. - Б., 2006. - 51-6.**

чечендей, анын верлибирде да, салттуу формада да өзүн бипбирдей эркин сезген. Верлибирде кандай ийгиликтер жаратса, классикалык нускада деле олжолуу, болгон айырмасы-анда (традициялык ыр формасында) азыраак жазган"[4] - деп, эң туура белгилеген. Акындын алгачкы ыр жыйнагы жарык көрө электе эле "Кыргыз өлкөм" (Ала-Тоо 1972, №12), "Алп мейман" (1973, №5) аттуу эркин ыр формасында жазылган ырлары окурмандардын назарын бура алган. Алсак, ушул эки ыр тууарасында: "Автордун жекече ой жүтүртүү маданиятынын калыптанып жаткандыгы, эркин ырдын табиятын баамдоосу, мүмкүн болушунча жаңы ой айтууга кылган далалаты оригиналдуулукка бет коюшу эркин ыр жазууда өзүнүн калемдештеринен айырмалап турат"[5] - деп, О.Айтымбетов туура байкаган.

Акындын "Каректеги жер" жыйнагы туурасында 1977-жылдын 1-январында жазуучулар союзунда атайын талкуу уюшулуп, анда көптөгөн сын пикирлер айтылган. Ал талкуунун жүрүшү бир беткей болуп, көбүнчө ырдагы ойдун берилиши, салыштыруулары жөнүндө гана сөз жүрүп, ыр түзүлүшү, көркөм ойдун күчтүүлүгү туурасында акыйкат баа берилген эмес. Бул жыйнак боюнча жакшы пикирлер кийинчерээк пай да боло баштады. Алсак, адабий сынчы О.Ибраимов жыйнактагы "Сага" аттуу ырын жогору баалап: "Мындай бир эле окуганда көңүлгө кыттай орноп, көпкө чейин ичинде кайталанган, элестүү образдары менен өзгөчөлөнгөн ырлары акындын аталып өткөн жыйнагында бир канча"[6] - деген пикирин биддирген.

Т.Мукановдун аталган жыйнагы ыр дүйнөсүнө жаңы келген жаш таланттын эксперименталдык дебют чыгармаларынын жыйындысы эмес, ал, кадыресе эркин ыр формасында жазылган эркин ойлордун салтанат курган саптарынан жаралган чыныгы поэзия.

Т.Мукановдун акындык ажарын элге таасын тааныткан даты бир ырлар жыйнагы "Жан дүйнө" (1986). Акындык адистиги

биротоло калыптанып калган Т. Муканов өзүн түйшөлткөн турмуштун ар кыл көрүнүштөрүн кээде жөпжөнөкөй, кээде албуут эмоция аркылуу окурмандарга тартуулай алган. Аталган жыйнактагы ырларьгада ойдун экспрессивдүүлүгү, ачык жана тактыгы, образдуулук менен элестүүлүк,

---

**[4] Даутов К. Азыркы кыргыз адабияты. - Бишкек: Шам, 2005, - 354-6.**
**[5] Айтымбетов О. Эркин ыр жөнүндө сөз // Мугалимдер газетасы. - 1977,1-янв.**
**[6] Ибраимов О.. Көз караш. - Фрунзе: Кыргызстан, 1985.-21-6.**

салттуулук менен эркин ыр формасынын кайсынысын пайдаланса да, поэтикалык ойлорун жерине жеткире айта алгандыгын белгилөөгө болот. Т.Муканов изденгич, табышкер акын катары өзгөчө поэтикалык форма жагынан көзгө толоорлук ийгиликтер жаратып, эркин ырдын стихиясын эркин өздөштүрүүгө жетишкен. Чындыгында эле Р.Рыскулов, С.Эралиев, казак акыны О.Сулеймановдорго удаалаш чыккан эркин ырчыл жаштардын арасынан Т.Муканов өзгөчө бөлүнүп турган. Ал кимдир бирөөлөрдү туурап эркин ырга мода кууп кайрылган эмес, сонуркаганы тараганча жазып анан таштап койгон айрым акындардан айырмаланып, ал, жаңы формада эң сонун чыгармаларды жарата алгандыгы менен кыргыз поэзиясына зор салым кошо алган деген пикирди "Жан дүйнө" жыйнагын окугандан кийин тартынбай айтууга болот. Акын эркин ырды ички муктаждыктан, эркин ойду каалагандай берүү зарылдыгынан улам жазган. Анын дүйнө кабылдоосу, баёо чынчылдыгы табият менен жандууларча сүйлөшкөн метафоралык, аллегориялык ыкмалары мукановдук стилге айланып, аны башкалардан бөлүп чыгат. Т. Муканов эркин ырчыл жаштардын арасынан ал форманын катуу күйврман колдоочусу, өркүндөтүүчүсү катары акыр аягына чейин бекем турган акындардын бири. 1960-жылдардын башында жаңы форманы колдогон Т.Муканов сыяктуу "көкбетгер" учурунда катуу айтылган сындарга туруштук беришип, өз позицияларында кала беришкен. Кезинде С.Эралиев, Р.Рыскулов, О.Султанов сыяктуу чоң акындардан тартып, кийинки Т.Муканов курдуу эркин ырды колдогон акындардын бир даары кайрадан салттык ыр түзүлүштөгү чыгарма жазууга өтүп кетишти. Ал эми Т.Муканов эркин ырдын чыныгы күйөрманы катары, өмүрүнүн аягына чейин эркин ырдан кайра тартпагандыгын, улам кийинки чыгармаларын ошол формада күчөтө жаза бергендигин көрүүгө болот. Демек, эркин ыр Т.Мукановдун акындык табиятына туура келип, жандүйнөсүнө жакын болгондуктан, чыгармачылык стихиясын канагаттандырган.

Т.Муканов кыргыз профессионалдык поэзиясы мазмундук жана формалык жактан жаңылануусун башынан кечирип, сапаттык деңгээли көтөрүлгөн 1960-70-жылдардагы адабий процесске активдүү катышып, ошол учурдун көркөм дөөлөт казынасына зор салым кошкон акындардын бири. Ал улутгук поэзиябыздагы жаңы көркөм табылгаларды ишке ашырууда активдүү иштеп, эркин ырдын өнүгүшүнө чоң салым кошкон.

II глава **"Т.Мукановдун поэзнясындагы жекече көркөм өзгөчөлүктөр"** деп аталып, анын 1-параграфында "Акындын балдарга арналган ырларындагы көркөм ыкмалары" каралат. 1973-жылы Т.Мукановдун "Шуру жоготкон кыз" атгуу балдарга арналган чакан ырлар жыйнагы жарык көрүп, өспүрүмдөр адабиятын байытты. Жааган мөндүрдүн тез эле эрип кеткени -жаш кыздын түшүнүгү боюнча асмандан түшкөн шуруларды жоготуп алышы менен ассоциацияланып, ыр өспүрүмдөрдү гана эмес, чоңдорду да кайдыгер калтырбайт. Т.Кожомбердиевдин "Көлчүктөгү ай" чыгармасы менен Т.Мукановдун ушул ырында кандайдыр бир окшоштук бар. Алардын окшоштугу-көптү билбеген жаш өспүрүмдөргө табият сырларын ачып берүүсүнөн, жумшак юморлуулугунан, окуганга, түшүнүүгө жеңил болгон ыр куруу техникаларынан көрүнөт. Жаш жеткинчектердин кыял-жоруктарын, айлана-чөйрөгө, табиятка карата болгон баёо түшүнүктөрүн көркөм чыгарманын тилинде чагылдырып берүүнүн өзү оңойго турбайт. Ал ишти аткарыш үчүн акында таланттан тышкары балдар дүйнөсүн сезе билген өзгөчө назик жүрөк, баамчылдык да талап кылынат. Мына ушундай сапат-касиетгердин бардыгы Т.Мукановдо бар болгондуктан, акындын балдарга арналган чыгармалары жогорку сапатта жаралгандыгын "Шуру жоготкон кыз", "Уя?', "Кыз жана куюн" сыяктуу чыгармаларынын мисалына таянып айтууга болот. ■*

Т.Муканов балдардьш кулк мүнөзүн, психологиясын ачууда же аларды эмгекке үндөөдө, жакшы менен жаманды ажыратууда ар кандай поэтикалык ыкмаларды колдонот. Балдар турмушун реалдуу көрсөтүүдө схематизмден оолак туруп, ойдончыгарылган жасалма деталдардан алые. Ушундай сапат-касиеттеги чыгармалар балдардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүп, ар кандай татаал маселелердин сырын өз бет алдынча чечүүгө багыт берип, индивиддик көз караштарын калыптандырат. Жаш жеткинчектердин дүйнө кабылдоосундагы баёолук, чоңцор байкабаганды көрө коюу, сергектик, табигыйлык сапаттар акындын чыгармаларында жыш кездешип, балдар поэзиясынын табиятына ылайыкташтырылган. Т.Мукановдун чыгармаларындагы негизги объект-предметтери катары колдонгон көл, суу, тоону чагылдырышы-сөзсүз түрдө өзүнүн

балалык чагындагы турмуштун эсинде калгандары. Кол кылаасынын ажайып кооз жаратылышы, эл турмушун жакындан таанууга шарт түзгөн жайлоодогу жашоо-тиричилик акындын чыгармачылыгында чагылдырылып эле там болбостон, ага карата сүйүү, ызаат, дамамат коштоп турган. 1974-жылы анын балдарга арналган дагы бир ырлар жыйнагы "Кытылыты" деген ат менен жарык көрөт. Жыйнактын аты анын ички мазмунуна жооп берет. Мында, ар кыл темада жазылган бир аз ырларын эсепке албаганда, жыйнактын негизин балдарга арналган тамашалуу (жыйнактагы 45 ырдын 23ү калл ырлары) ырлар, калптар түзөт. "Кыты-кыты" жыйнагы балдардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайыкталып ар кандай тематикадагы ырлар, тамашалар камтылган. Андагы чыгармалар бөбөктөргө, жеткинчектерге арналып жаткандыктан, бир өңчөй темадагы ырдарды окуй берип тажап кетпесин деген амал менен темаларды түрлөнтүп, кичинекейлердин табитине ылайыктап, турмушта кездешкен, же кездешпеген окуялардыш коштоосунда жазылган. Мындай ырлардын катарына "Кылчайып артын караса", "Жаңылганда", "Тетари", "Кулун", "Жыйналышта" сыяктуу чыгармаларын кошууга болот. Эзелки замандардан бери эле, ар бир эл өзүлөрүнүн турмуштук тажрыйбаларын, эстетикалык коз караштарын элдик оозеки чыгармаларды, анын ичинде уламыш, калп жанрларында да чагылдырып келишкен. Ушул күнгө чейин айрым саясатчылар, адабият таануучулар аларга "ат үстүнөн" мамиле жасашып, маданияттын примитивдүү, баёо көрүнүшү катары баалап келишкен. Илгерки тажрыйбаларга кайрылып,

аларды бүгүнкү күндүн эстетикалык түшүнүгүнүн деңгээлине көтөрүп чыгууга боло тургандыгын Т.Муканов эң сонун далилдеген. Ал, элдик оозеки чыгармачылыктагы калп жанрын профессионалдык поэзиянын тилинде сүйлөтүп, мазмундук жагын байыткан. Элдик чыгармалардагы калп жанрын М.Жангазиев, А.Кыдыров, Э.Ибраев, Т.Кожомбердиевдер да чыгармачылык менен ыктуу пайдаланышкан. Мындай көрүнүш туурасында В.Я.Вакуленко: "Воспитанные в традициях устной народной поэзии, киргизские детские поэты и писатели создали, по сути, новый литературный жанр-игровой шутки-небылицы",[7] -деп эң туура белгилеген.

---

[7] **Вакуленко В. Я. Детская литература народов Средней Азии. - Б., 1998. - стр. 14.**
**14**

Жогоруда белгиленгендей, Т.Мукановдун балдарга арналган чыгармаларында Т.Кожомбердиевдин таасирин көрүүгө болот. Алар-тематикалык, ыр куруу техникасы жана бала кыялындай шыңгыр тунук поэзия, жеңил юмор таба билген жактарынан табылат. Албетте, "оз почерки" бар Т.Муканов, Т.Кожомбердиевдин көлөкөсүндө калган эмес, тескерисинче, Т.Кожомбердиев көрбөгөндү көрүп, ал таппаганды таап, анын ырларын чыгармачылык менен өздөштүргөн. Т.Муканов жаш бөбөктөргө зор ишеним менен карайт. Жаш жеткинчек өзүнөн өзү эле тарбиялуу, патриот болуп калбашын акын жакшы түшүнөт. Ошондуктан, акын бал анын аң-сезимине таасир этүүнүн жолун издеп, эс-акылын калыптандыруу максатын көздөгөн мыкты чыгармаларды жарата алган. Т.Муканов балдарга арналаган чыгармаларында, акындар поэзиясьша мүнөздүү болгон дүйнө тааньггуучулук, насаат ырларына жаңы мазмун, жаңы стилдик боёкторду ыктуу пайдаланып, балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө туура келген чыгармаларды жаратып, өспүрүмдөрдү Атажуртту сүйүүгө, эмгекчилдикке, достукка тарбиялаган.

Главанын 2-параграфында акындын "Граждандык жана пейзаждык лирикалары" каралат. Көпчүлүк кыргыз акындарынын тубаса таланты, тутунган принциби, ойлоо манерасы, жазуу стили жагынан кескин айырмаланган көркөм сөз чебери Т.Муканов, кыргыз профессиоуалдык поэзиясындагы лирикалык жанрдын бардык түрлөрүнө кайрылып, улутгук поэзиябыздын өнүгүшүнө барандуу салым кошо алды. Анын поэзиясына үстүрт көз салганда эле акындын көп кырдуулугу дароо көзгө урунат. Атажурт, табият, махабат, сыяктуу тематикаларда өзүн эркин сезип, айтчу ойлорун таасын баяндай алгандыгы байкалат. Өзгөчө, акындын пейзаждык лирикасы анын жүрөгүнөн оргуп, табыгый түрдө айтылган сезимдердин берметинен жаралган.

Т.Муканов - жаратылыш көрүнүшүн, анын кооздугун, ары таасирдүү, ары көркөм тарта билген акын. Кургак декларация, обу жок дидактиктикти анын чыгармаларынан табуу кыйын. Муну менен биз, акын жалаң эле портретчи-живопись дегенден оолакпыз. Анын чыгармаларында окуучулардын аң-сезимине таасир этап, турмуштун айрым жагдайларына карата окурмандардын көңүлүн буруп, багыт бере турган терең ой да бар. Т.Мукановдун пейзаждык лирикасында живопись менен ойдун гармониясы ото чеберчиликте берилген да, тең салмактуулук сакталган. Анын поэзиясы табияттын ар кыл •көрүнүштөрүн элестүү сөздөр менен» сүрөткө тартып эле

койбостон, жашоо маңызын, кайгы-кубаныч сезимдерин кошо камтыган ойлор менен коштолуп турат.

Акындын лирикаларында күн, ай, жылдыз сыяктуу асман телолору, жердеги табият чыгармада өзүнчө бир каарман катары катышып, аларды терең түшүнүүгө, суктанууга ошол эле учурда аларга аяр мамиле жасап, жаратылыш менен адамдын ортосундагы гармониялык байланышты, эч качан адамзаттын жаратылыштан бийик турбастыгы айтылат. Пейзаж өз ордун таап, чыгармада каармандай катыша албаса, ал жен гана үстүрт сүрөтгөлгөн жасалмалуулукка ээ болуп калаары шексиз. Т.Муканов мындай жасалмалуулуктан алые, ал, адам акыл-эсинен түнөк таба турган көркөм штрихтерди туура пайдаланып, түшүнүк-кабылдоонун экспрессивдүү жолун таба билет.

Кайсы мезгил, кандай коомдук-саясий системанын сурагы жүрүп турбасын улутгук руханий дөөлөтгөр аздектелип, элдин тарыхы, Атажурттун ыйыктыгы, анын сулуулугу адабиятыбызда оозеки да, жазма да түрүндө даңазаланып келген. Советтак түзүлүштүн доору жүрүп турган учурда, чыньш айтсак, жазма адабиятыбыз, анын ичинде профессионалдык поэзиябыз болуп

айланышын шарттаган. Т.Муканов да мына ошондой жеке тагдырга, акыбетсиз сүйүүгө, үй бүлөдөгү драмага туш болгон.

Т.Мукановдун сүйүү лирикасы ушул темада жазган кыргыз акындарынын кыйласынан кескин айырмаланып турат. Акын өз тагдырындагы өйдө-төмөн жактарын жашырбайт, өзүн актап, бирөөгө күнөө да койбойт. Бардык кемчиликти мойнуна ала билет, чынчыл. Мына ушундай "ырына бир мертебе калп айта албагандыгы" (Алыкул) менен окурмандардын жүрөгүн жылытып, алардын аёо сезимин козгойт. Советтик идеологияны даңазалаган ырлар күргүштөп чыгып, китеп, газета беттерин бербей турган учурда Т.Муканов сыяктуу акындардын жеке тагдырга байланышкан поэзиясы анча бааланган эмес. Адабияттын партиялуулугуна таянган адабий сынчыларыбыз да андай чыгармаларды коз жаздымында калтьфышып, көбүнчө саясий жагына ооп туруп алышкан. Кийинчерээк мындай көрүнүш оңолуу жолуна түшүп, адам тагдырынын контраст көрүнүштөрү ачык ьфдала баштады. Бул туурасында С.Жигитов: "Совет адабиятында поэзиянын керектүү жанры пастап кеткен жылдар да болгон. Ал конфликтсиздик теориясынын өкүлдөрү тарабынан куугунтук жеп, газета-журналдардын бетинен алгылыктуу сыйын таба алган эмес. Ошол себептен окуучулар чыныгы

1 **Даутов К. Жаңы чектерге. -Ф.: Кыргызстан. - 1980. -**

ашыктык лирикасынан жутап, поэзиядагы мындай бир беткей абал адилеттүү сынга алынган соң бардык акындар, айрыкча жаштар түп көтөрүлө ошол жакка тап койду. Натыйжада поэзиябыздын бөксө жери толуп, атүгүл ашып-ташып да кетти"[8] -деп эң туура белгилеген. Чындыгында эле советтик түзүлүштү, анын саясатын, чарбалык турмушун ашкере даңазалашкан айрым трибун акындар "Только влюбленные имеют право на звание человека" (А.Блок) же, "Любовь сильнее смерти и страха смерти; только ею, только любовью держится и движется жизнь" (И. Тургенев) деген сыяктуу улуу сезимге карата болгон урматтарын басаңдатып жиберишкен. Жогоруда белгилегендей, мындай көрүнүш тез эле өз калыбына келип, О.Султанов, Ж.Мамытов, Т.Кожомбердиев, Ж.Садыков, Т.Муканов сыяктуу кыргыздын

'ЧСүйдүм чок" акындары дүркүрөп чыга келишти. Т.Мукановдун махабат лирикасы чынчыл, ал түгүл натуралисттик ыкмада жаралган. Өзүнүн башьшан кечирген сүйүүдөгү ачуу-татгуу көрүнүштөр, үй-бүлөдөгү негативдүү жагдайлар жана аны ондоо үчүн болгон күрөшү, оптимисттик көз караштары, сезим-туюмдарындагы толгонуулар анын сүйүү лирикасынын мазмундук өзөгүн кармап турат.

Булуттай нөшөр төктүм сага канча,
Ундөбөдүң күлбөдүң караманча.
Алоолонтуп көздөрүм элесиңди,
Сүйдүм сени жүрөгүм канаганча!

("Кларага". Китепте: "Арчадай жашыл элем...", 11-6.) Жогорудагы ыр түрмөгү анын алгачкы махабат сезимдеринен жаралып, мындай мазмундагы ырлары өмүрүнүн аягына чейин улантыла берген. Акындын сүйүүсү туруктуу жана таза, аны Клара аттуу кыз менен байланышкан тагдыры жөнүндө жазылган бир катар ырлар циклынын мисалынан көрүүгө болот.

Тандар атып жалгыздыкта,
Жалгыздыкта кеч кирип.
Күттүм сени, үстүмдөгү көйнөгүм
Дал-далынан бөлүнгөнчө эскирип.

("Күтүү". Китепте: "Арчадай жашыл элем...", 30-6.). Ушинтип, акын арзыган адамын күтүп эзилет. Акын тагдыры жаштарды ойлонто турган, турмушка олуттуу мамиле жасоого тымызын чакырган тарбиялык мааниге да эгеде'р.

---

**[8] Жигитов С. Ырлар жана жылдар. - Ф.: Кыргызстан, 1972. - 35-бет.**
**18**

Т.Мукановдун сүйүү лирикасындагы жалгыз каарманы аркылуу арзуунун идеалы, туруктуу сүйүүгө татыктуу болгон аялзатынын документалдуу образы чагылдырылган. Экинчи бөлүмдө каралган маселелер боюнча төмөндөгүдөй жыйынтык ойлорду айтууга болот:

- Т.Муканов балдарга арналган чыгармаларында акындар поэзиясына мүнөздүү болгон дүйнөтаанытуучулук, насаат ьфларына жаңы мазмун, жаңы стилдик боёкторду ыктуу пайдаланып, өспүрүмдөрдүн жаш өзгөчөлүгүнө жооп берген чыгармаларды жаратып, аларды Ата журтту сүйүүгө, эрдикке, эмгекчилдиккке тарбиялаган;
- акындын пейзаждык лирикасы табияттын өзүндөй өтө жөнөкөй. Анын поэзиясы жаратылыштын ар кыл көрүнүштөрүн элестүү сөздөр менен сүрөткө тартып эле койбостон, жашоо маңызын, кубаныч-кайгысын кошо камтыган сезимдер менен коштолуп турат;
- акьш көңүлүндөгү идеялар, чыгармачылык күчтүү потенциал менен синхрондуу аракетке келип, гражданчыл мазмундун терендешине публицистикалык дооштун жаңырышына шарт түзүп турган;
- махабаттын ачуу-таттуусу, азап-тозогу канчалык деңгээлде адамдын жан дүйнөсүнө бүлүк салаары акындын сүйүү ырларында өтө' күчтүү чагылдырылган. Анын сүйүү ырларй өзүнүн жеке турмушу менен ты'гыз байланышта болгондуктан, ары табигый, ары таасирдүү чыккан.

Диссертациялык иштин **корутунду** бөлүмүндө изилдөөдөн келип чыккан жыйынтыктар берилди.

1. Т.Мукановдун алгачкы чыгармаларында элдик оозеки чыгармачылыктын көркөм салттары орун алган. Ал элдик чыгармалардын сюжетин өспүрүмдөрдүн жаш өзгөчөлүгүнө ылайыктап, кайрадан чыгармачылык менен иштеп чыгуу аркылуу ырлардын тематикалык мазмунун байыткан.

2. Т.Муканов кыргыз поэзиясы мазмундук жана формалык жактан жаңылануууну башынан кечирген, сапаттык деңгээли көтөрүлгөн 1960-70-жылдардагы адабий процесске активдүү катышып, ошол учурдун көркөм дөөлөт казынасьша зор салым кошкон акындардын бири. Ал улутгук поэзиябыздагы көркөм табылгаларды ишке ашырууда активдүү иштеп, эркин ырдын өнүгүшүндө да өз изин калтыра алган.

3. Т.Муканов балдарга арналган чыгармаларында, акындар поэзиясына мүнөздүү болгон дүйнө таанытуучулук,

насаат ырларында жаңы мазмун, жаңы стилдик боёкторду ыктуу кийирип, балдардын жаш өзгөчөлүгүнө туура келгендей, жан дүйнөсүн ойготоор чыгармаларды жаратып, Ата-журтун сүйүүгө, эмгекчилдикке, достукка тарбиялоого белгилүү өлчөмдө салым кошкон.

4. Акын жаратылыштын жандуу элесин бет алдыга карм ал, табияттын асем келбетине дал келүүчү боёкторду таба билет. Ал таасын боёктор акындын концепциясы менен сүрөттөлгөн предметке назарланган мамилесин аныктайт. Акындын табиятты жана андагы кубулуштарды сүрөттөөсү жен жай эле туулган жердин географиялык ажайып келбетине кызыгып, анын фотографиялык көчүрмөсүн жаратуу менен чектелбейт, анда автордун пейзаждык лирикага камтыган негизги идеясы, улуттук, социалдык-тарыхый белги касиеттери көрүнөт.

5. Т.Мукановдун сүйүү лирикасынын каармандары назик сезимдердин жарчысы. Махабаттын ачуу-таттуусу, анын азап-тозогу канчалык деңгээлде адамдын жан дүйнөсүнө бүлүк салаары акындын сүйүү ырларында өтө күчтүү чагылдырылган.

6. Анын сүйүү лирикалары өзүнүн жеке турмушу менен тыгыз байланышта болгондуктан, ары табигый, ары таасирлүү чыккан.

**Изилдөөнүн негизги мазмуну автордун төмөнкү эмгектеринде чагылдырылган:**

1. Т.Мукановдун чыгармачьшыгы 1970-80-жылдардагы кыргыз поэзиясынын контекстинде. - Б.: Бийиктик, 2009.
2. Акындын поэзия аркылуу балдар дүйнөсүн ачып бериши // Известия Вузов. - Бишкек, 2005. - №4. - 197-200-беттер.
3. Т.Мукановдун пейзаждык лирикаларынан учкай сөз // Наука и новые технологии. - Бишкек, 2006. - №2. - 199-200-беттер.
4. Т.Мукановдун акын катары калыптанышы // Наука и новые технологии-Бишкек, 2006. - №2. -179—182-беттер.
5. Т.Мукановдун чыгармаларынын стилдик жана формалык өзгөчөлүктөр // Известия Вузов.- Бишкек, 2007. - №5. -164-168-беттер.
6. Т.Мукановдун чыгармачылыгындагы сүйүү лирикасынын табияты // Известия Вузов.- Бишкек, 2007. - №6. - 184—187-беттер.
7. Т.Мукановдун чыгармачылыгында калп жанрынын орун алышы // Известия Вузов. - Бишкек, 2008. - №9. - 134—137-беттер.
8. Т.Мукановдун сүйүү лирикасындагы жеке тагдырдын чагылдырылышы // Известия Вузов. - Бишкек, 2008. - №9. -210-213-беттер.

**Байгазиев Медербек Казыбаевичтин 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн**

**жазылган "Т.Мукановдун чыгармачылыгы 1970-80-жылдардагы кыргыз поэзиясынын контекстинде" аттуу диссертациялык ишинин РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** ***Эркин ыр формасы, традициялуу уйкаштык, пейзаждык лирика, махабат лирикасы, граждандык лирика, балдар адабияты, салттык форма, чыгармачылык диапазон, тематика, реалдуу турмуш жана реалисттик сүрөттөө.***

Диссертациялык иште белгилүү акын Табылды Мукановдун чыгармачылык өнөрү кандайча жол менен өнүгүп, кандай шартта калыптангандыгы, изденүүлөрү менен табылгалары боюнча алгачкы ирет системалуу изилдөө иши жүргүзүлдү.

Биринчи глава "Кыргыз поэзиясындагы эркин ыр түзүлүшү жана Т.Мукановдун поэтикалык изденүүсү" деп аталып, мында дүйнөлүк жана орус акындарынын чыгармаларында жаңыча багыт катары кабыл алынган поэтикалык көркөм кубулуш жана анын кыргыз поэзиясына тийгизген таасири Т.Мукановдун чыгармачылыгынын мисалында адабий анализге алынат.

Экинчи глава "Акындын поэзиясынын жекече көркөм өзгөчөлүктөрү" деп аталып, акындын .^балдарга арналган ырларындагы көркөм ыкмалары, элдик ырлардын таасири жана Атажуртту сүйүүгө, нравалык, этикалык тарбияга үндөгөн чыгармаларды жарата алгандыгы белгиленет. Граждандык жана пейзаждык лирикасы акындын жеке турмушу менен тыгыз байланыштуу болгондугу тастыкталып, акындын чыгармачылык күч-кубаты, чеберчилиги жана кыргыз поэзиясында ээлеген орду аныкталат.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертационной работы Байгазиева Медербека Казыбаевича**
**на соискание ученой степени кандидата филологических наук**
**на тему «Творчество Т.Муканова в контексте , Кыргызской поэзии в 1970-80 годах»**
**по специальности 10.01.01 - Кыргызская литература**

**Ключевые слова:** ***Поэтическая традиция, рифма, свободный стих (верлибр), пейзажная, гражданская, любовная лирика, детская литература, критерий, творческий диапазон, тематика, реальная жизнь и реалистическое изображение!***

В диссертации впервые предпринимается попытка системного изучения творческой эволюциии и

художественно-эстетических исканий известного поэта Табылды Муканова.

В первой главе диссертации "Структура свободного стихосложения в кыргызской поэзии и поэтические искания Т.Муканова" исследуется проблемы влияния новых жанровых исканий в поэзии русских поэтов и их новую направлению природу жанровых явлений художественной поэтики и влияние на киргизскую поэзию на примере творчества Т.Муканова.

Во второй главе "Особенности и своеобразие в поэзии Т.Муканова" рассматривается художественная методология поэта при создании стихотворений, а также фольклора на создание им произведений призывающих к любви, к родине, отечеству, с дидактической акцентацией, воспеваюжих этические мотивы. А также определяются тесные связы гражданской и пейжазной лирики с личной жизнью поэта, творческий потенциал поэта, мастерство и его место в киргизской поэзии.


## Resume

**The dissertation work of Baigaziev Mederbek Kazybaevich on the competing of scientific degree of philological science. Theme: "Creative work of Tabyldy Mukanov in the contex of poetry in 1970-80"**

For the first time there undertaken the attempt of system studying of creative evolution, its searches and find of art and esthetic search of a famous poet Tabyldy Mukanov in the dissertation. The work consists of introduction, two chapters, conclusion and bibliography.

Works of world and Russian poets who accepted the nature of genre phenomena of the art poetry as a new trend and its influence on the Kyrgyz poetry on the example of T.Mukanov's works are analyzed in the first chapter of the dissertation " Structure of free versification o in the Kyrgyz poetry and poetical search of T.Mukanov.

The art methods of the poet at the writing of songs for children, an influence of folk songs and creation by him creative works appealing to love to homeland, morality and ethics are defined in the second chapter " Personal art originality of poet's poetry". Also a close connection of civil and landscape lyric poetry with poet's life, creative potential of the poet, mastery and his role in the Kyrgyz poetry are defined.

**Басууга 23.11.2009-ж. кол коюлду.**
**Форматы 60х84 1/16-Көлөму 1,£б.т.**
**Офсеттик ыкма менен басылды.**
**Нускасы 100.**

**720044, Бишкек ш., Ворошилов**
**көчөсү. «Жамаат-press»**
**редакциялык басма борбору.**
**Тел.: 0772 24-70-86**